№869/1 2021жылдын 28 майы

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын

2021-2022-окуу жылы үчүн базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы № 403 «Кыргыз Республикасында жалпы мектептик билимдин мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө» токтомун жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2021-жылдын 24-майындагы №4/5 коллегиясынын чечиминин негизинде, окуу-тарбия процессин уюштурууда, Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамын аткаруу максатында буйрук кылам:

1. Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдарынын 2021- 2022-окуу жылы үчүн тиркелген базистик окуу пландары бекитилсин (1,2,3,4,5,6,7,8-тиркемелер).
2. Мектеп жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгы (М.Усеналиев) жана Кыргыз билим берүү академиясы (Н. Дюшеева) Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүүчү уюмдары үчүн бекитилген базистик окуу пландарынын ишке ашырылышын камсыз кылышсын.
3. Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин 2020-жылдын 18-июнундагы №475/1 2020-2021-окуу жылы үчүн «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын базистик окуу планын бекитүү жөнүндө» буйругу күчүн жоготту деп табылсын.
4. Бул буйрукту «Кут Билим» гезитинин редакциясы (К. Чекиров) расмий жарыяласын.
5. Бул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө Мектеп жана мектептен тышкаркы билим берүү башкармалыгына (М.Усеналиев) тапшырылсын.

Об утверждении Базисных учебных планов

общеобразовательных организаций Кыргызской Республики

на 2021-2022 учебный год

В целях исполнения Закона Кыргызской Республики «Об образовании»

по организации учебно-воспитательного процесса в общеобразовательных организациях, постановления Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики» от 21 июля 2014 года № 403 и на основании решения коллегии Министерства образования и науки Кыргызской Республики от 24 мая 2021 года № 4/5 приказываю:

1. Утвердить прилагаемые Базисные учебные планы общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год (Приложения 1,2,3,4,5,6,7,8).
2. Управлению школьного и внешкольного образования (М. Усеналиев) и Кыргызской академии образования (Н. Дюшеева) обеспечить функционирование утвержденных базисных учебных планов в общеобразовательных организациях Кыргызской Республики независимо от форм собственности.
3. Считать утратившим силу приказ Министерства образования и науки Кыргызской Республики «Об утверждении Базисных учебных планов общеобразовательных организаций Кыргызской Республики на 2020-2021 учебный год» от 18 июня 2020 года №475/1
4. Редакции газеты «Кут Билим» (К.Чекиров) обеспечить официальное опубликование данного приказа.
5. Контроль над исполнением настоящего приказа возложить на Управление школьного и внешкольного образования (М. Усеналиев).

Министр Б. Д. Купешев

Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарынын

2021/2022-окуу жылына карата Базистик окуу планына

түшүндүрмө кат

2021-2022-окуу жылдын Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2014-жылдын 21-июлундагы №403 “Кыргыз Республикасында жалпы орто билимдин Мамлекеттик билим берүү стандартын бекитүү жөнүндө” токтомуна, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомуна (6-тиркемедеги Санитардык-эпидемиологиялык эрежелер жана талаптар «Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиологиялык талаптар») жана Кыргыз Республикасынын территориясында билим берүү тармагына тийиштүү болгон ченемдик-укуктук документтерге ылайык иштелип чыккан ченемдик-укуктук документ болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын жалпы мектептик билим берүүнүн мамлекеттик стандарты боюнча учурдагы Базистик окуу планы жаңы 2022-2025-окуу жылдарынын Базистик окуу планына өткөөл болуп саналат.

Базистик окуу планы Мамлекеттик билим берүү стандарты тарабынан тастыкталган билим берүүнүн бардык баскычтарынын окуучулары үчүн алардын физиологиялык жана психологиялык мүмкүнчүлүктөрүн, ошондой эле окуу материалын өздөштүрүү үчүн талап кылынган ишмердүүлүктүн түрлөрүн жана талаптарын эске алуу менен окуу жүктөмүнүн төмөндөгүдөй көлөмдөгү жылдык, жумалык, ошондой эле чектелген окуу жүктөмүн аныктайт.

| | | | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Класстар | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
| Жумалык окуу жүктөмү | 20 | 22 | 24 | 25 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 29 | 30 |
| Окуу жүктөмүнүн жогорку чеги | 20 | 23 | 25 | 26 | 30 | 31 | 33 | 34 | 35 | 32 | 33 |

Базистик окуу планы окуу предметтеринин тизмесин белгилейт, окуучулардын өзүн-өзү көрсөтүүсү жана өзүн-өзү аныктоосу үчүн шарттарды камсыз кылуу менен алардын кызыкчылыктарына, керектөөлөрүнө ылайык мектеп компонентин ишке ашырууну, негизги жана предметтик компетенттүүлүктөрдү калыптандырууну камсыздайт.

Базистик окуу планы Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан сунушталган негизги жалпы билим берүү программаларын, окуу-методикалык комплекстерин пайдаланууну камсыздайт.

Мамлекеттик компонент окуу пландын базалык бөлүгүн түзүү менен, Кыргыз Республикасынын аймагында бирдиктүү билим берүү мейкиндигин камсыз кылат, ошондой эле ал ведомстволук таандыктыгына карабастан, бардык типтеги жана түрдөгү жалпы билим берүү уюмдары үчүн милдеттүү жана аны өзгөртүүгө жол берилбейт. Мамлекеттик компонент окуучулардын базалык деңгээлдеги жалпы билим берүүчү окуу предметтери боюнча билим алуусуна кепилдик берет, активдүү турмуштук көз карашы бар инсанды калыптандыруу жана өнүктүрүү үчүн аларды улуттук жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга кызыктырат.

Башталгыч жалпы, негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүнүн негизги программаларын өздөштүрүүнүн ченемдик мөөнөтүн кыскартуу, ошондой эле мамлекеттик компоненттеги ар бир предмет үчүн чегерилген сааттын эсебинен башка предметтерди окутууга жол берилбейт.

Окуу пландын мектептик компоненти жалпы билим берүү уюмдарынын өзгөчөлүктөрүн (багыттарын) чагылдырат жана окуучулардын, алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдашылган кызыкчылыктарын, муктаждыктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн туюнтат.

Мектептик компонент жалпы билим берүү уюмдары тарабынан өз алдынча иштелип чыгат жана окуучулар менен алардын ата-энелеринин (мыйзамдуу өкүлдөрүнүн) макулдугу менен ишке ашырылат.

Базистик окуу планынын мектептик (гимназиялык/лицейдик, вариативдик) компоненти конкреттүү жалпы билим берүүчү уюм аркылуу билим берүү жаатындагы өзгөчө керектөөлөрдү жана кызыкчылыктарды камсыз кылат, окуучулардын, ата-энелердин (мыйзамдуу өкүлдөрдүн) мамлекеттик компоненттеги предметтерди тереңдетип окутууга болгон социалдык буйрутмасын ишке ашырат, ошондой эле окуучулардын адам ишмердүүлүгүнүн түрдүү чөйрөлөрүндөгү таанып-билүү кызыкчылыктарын жана жөндөмдүүлүктөрүн канааттандырат.

«Тандоо предметтери» компоненти – бул милдеттүү окуу предметтери же гимназиянын (лицейдин) багыттарын аныктоочу, окуучуларга тандап алууга милдеттүү тартипте сунушталуучу, жалпы билим берүүчү уюм тарабынан өз алдынча белгиленүүчү элективдик (тандоо), профилдик курстар.

I баскычтагы Базистик окуу планы (1–4-класстар) башталгыч жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын (предметтерин) өздөштүрүүнүн 4 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

II баскычтагы Базистик окуу планы (5–9-класстар) негизги жалпы билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын (предметтерин) өздөштүрүүнүн 5 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

III баскычтагы Базистик окуу планы (10–11-класстар) жалпы орто билим берүүнүн негизги жалпы билим берүү программаларын (предметтерин) өздөштүрүүнүн 2 жылдык ченемдик мөөнөтүнө эсептелген.

Мектеп-гимназиялар, мектеп-лицейлер үчүн жалпы билим берүүчү мектептердин Базистик окуу планы гимназиялык, лицейдик компоненттерди жана тандоо боюнча предметтерди сактоо менен негиз катары алынат. Мектеп-лицейлерде (8-11-класстар), мектеп-гимназияларда (5-11-класстар) мектептик компонент ишке ашырылып, ийримдердин жетекчилери үчүн каралган ставкалардан каржыланат.Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 28-июлундагы №336 токтомуна ылайык, мектеп-лицейлердин (8-11-класстар), мектеп-гимназиялардын (5-11-класстар) тиешелүү шарттары болгондо, санитардык-гигиеналык талаптар сакталганда, ийрим, клуб, студия, бирикмелерди уюштуруу үчүн ар бир класс-комплектиге – ийримдин жетекчисине кошумча 1 ставка бөлүнөт; лицей класстарда жогорку квалификациядагы адистерге келишимдин негизинде өзүнчө лекция, цикл, курстарга төлөө үчүн – ийрим жетекчисине 0,5 ставкадан ашпаган кошумча акы бөлүнөт.Мектеп-лицейлер 8-класстан тартып лицей компонентин, мектеп-гимназиялар 5-класстан баштап гимназия компонентин жүзөгө ашырат.

— Тереңдетип үйрөнүү үчүн тандалган предметтерди окутуу республикалык жана жергиликтүү бюджеттин каражатынын эсебинен каржыланат.

Базистик окуу планынын мамлекеттик, мектептик компонентин жана тандоо предметтерин ишке ашыруу үчүн төлөм жалпы билим берүүчү мектептерде, гимназияларда жана лицейлерде окуу жүктөмүнүн чегинде мамлекеттик жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлөт.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын 1-беренесине ылайык:

- окуу-тарбиялык комплекс/автордук, окуу-тарбиялык комплекс/мектеп-комплекс – окуучуларды ар тараптуу маданий-эстетикалык жана дене жактан тарбиялоо жаатындагы жаңычыл/автордук программаларды ишке ашыруу үчүн жалпы билим берүүчү мектепти жана башка кызыкдар билим берүү уюмдарын жана мекемелерин (мектепке чейинки билим берүү уюмдарын, жогорку окуу жайларын, музыкалык, спорттук жана башка уюмдарды жана мекемелерди) өзүнө камтыган көп тармактуу окуу жайы;
- мектеп-гимназия – окуучулардын шыктарына жана жөндөмдүүлүктөрүнө жараша башталгыч жалпы, гуманитардык тармактар боюнча негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү жалпы билим берүү окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жайы;
- мектеп-лицей – окуучулардын шыктарына жана жөндөмдүүлүктөрүнө жараша башталгыч жалпы, табигый илимий жана физика-математикалык тармактар боюнча негизги жалпы жана орто жалпы билим берүүчү жалпы билим берүү окуу программаларын ишке ашыруучу окуу жайы.

Мектепке чейинки уюмдарга катышпаган эрте курактагы балдардын психологиялык-педагогикалык даярдыгын жогорулатуу жана аларды андан ары социалдык адаптациялоо максатында 480 сааттык «Наристе» программасы боюнча мектепке даярдоо өткөрүлөт.

“Кыргыз тили”, “Орус тили”, “Өзбек тили” жана “Тажик тили” окуу предметтери эне тили катары 1-класстан 11-класска чейин окутулат. Окутуу орус, өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептерде “Кыргыз тили”, “Орус тили” предметтеринин экинчи тил катары окуу жүктөмүнө бөлүнгөн сааттын саны ар бир жалпы билим берүүчү уюмдун окутуу жүргүзүлгөн тилинен көз каранды болот.

“Кыргыз адабияты”, “Орус адабияты”, “Өзбек адабияты” жана “Тажик адабияты” өз эне тилинин адабияты катары, ошондой эле “Кыргыз адабияты” жана “Орус адабияты” экинчи адабият катары 5-11-класстарда мурдатан бекитилген предметтик стандарттар, окуу программалары жана окуу-методикалык комплекстери боюнча окутулат.

Чет тилин үйрөнүү 3-11-класстарда ишке ашырылат. Окутуу өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн жалпы билим берүүчү мектептерде чет тилин үйрөнүү кошумча кызмат көрсөтүүлөрдүн, ата-энелердин, демөөрчүлөрдүн каражаттарынын эсебинен КР БИМ тарабынан бекитилген прейскурантка ылайык көбөйтүлүшү мүмкүн.

“Тарых” предмети 5-11-класстарда окуу программасына ылайык, “Дүйнөлүк тарых” жана “Кыргызстан тарыхы” курстары кезектешип окутулат.

5-6-класстарда “Тарых” предмети боюнча сабактар жаңы предметтик стандартка, 7-11-класстарда, колдонулуп жаткан окуу программасына ылайык, жумасына 2 саат окутулат. Журналдарга “Тарых” деген бирдиктүү аталыш менен жазылат. Негизги жана толук мектептеги мамлекеттик бүтүрүү экзамендери Кыргызстан тарыхынан гана тапшырылат.

5-6-класстарда «Адам жана коом» предметин окутуу жаңы предметтик стандартка, окуу программасына жана окуу-методикалык комплексине ылайык ишке ашырылат. 9-11-класстарда “Адам жана коом” предметин окутуу мурда бекитилген программа боюнча ишке ашырылат.

«Мекен таануу» предмети 1-4-класстарда “Турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери” жана “Адеп” предметтери менен интеграцияланып окутулат.

5-класста «Табият таануу» предмети жумасына 1 сааттан окутулат. 5-класстагы «Табият таануу» интеграцияланган курсу өзүнө курчап турган дүйнөдөгү кубулуштар жөнүндөгү материалдарды камтып, мектеп окуучуларын табигый-илимий предметтерди КР жалпы билим берүү мектептеринин 6-11-класcстарында окууга даярдайт.

7-9-класстарда «Физика» предметин окутууга жумасына 2 саат, 10-класста 3 саат бөлүнгөн.

11-класста «Физика» жана «Астрономия» курстары интеграцияланып «Физика. Астрономия» предмети катары жумасына 3 сааттан окутулат. Журналга дагы «Физика. Астрономия» аталышында жазылат.

“Математика” предмети 1-класстан 6-класска чейин окутулат.

7-11-класстарда “Алгебра” жана “Геометрия” предметтери бекитилген сааттарга ылайык өзүнчө окутулат.

8-9-класстарда «Технология» предметин окутуу мурунку жылдардагы окуу программасы боюнча ишке ашырылат.

7-класста «Технология» сабагы 1-жарым жылдыкта, ал эми «Көркөм өнөр» 2-жарым жылдыкта жумасына бир сааттан окулат.

“Информатика” предмети предметтик стандартка, окуу программасына жана окуу-методикалык комплексине ылайык, окутуу кыргыз жана орус тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-, 6-, 7- жана 9-класстарында жумасына 1 сааттан, 8-класста 2 саат, а эми окутуу өзбек жана тажик тилдеринде жүргүзүлгөн мектептердин 5-9-класстарында жумасына 1 сааттык жүктөм менен окутулат. «Информатика» предмети санариптик сабаттуулуктун негиздерин, ошондой эле программалоо көндүмдөрүн калыптандыруу үчүн окутулат.

«Көркөм өнөр» жана «Музыка» предметтери 1-7-класстарда тиешелүү предметтик стандарттарга, окуу программаларына жана окуу-методикалык комплекстерине ылайык окутулат.

7-класста «Көркөм өнөр» сабагынын бир сааты «Биология» сабагына өткөрүлдү. Мектептин түрүнө, окутуу тилине жана менчик формасына карабастан, билим берүү уюмдарынын бардык класстарында “Биология” сабагын синхрондоштуруу болду.

Окутуу орус тилинде жүргүзүлгөн мектеп-гимназияларында «Адам жана коом» сабагынын бир сааты «Тереңдетип окутуу үчүн тандоо предметтери» бөлүмүнө которулган.

Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлгөн мектеп-лицейлерде «Адам жана коом» сабагынын бир сааты «Физика» сабагына которулган. Ошентип, табигый илимдер боюнча сааттардын саны көбөйтүлдү.

«Кыргыз тили», «Орус тили», «Чет тили», «Информатика», “Технология” предметтери боюнча сабактарды өткөрүүдө класс 2 тайпага бөлүнөт:

— «Информатика» боюнча 5-9-класстарда окуучулардын саны 25 же андан ашык болсо;

— «Чет тили» боюнча, ошондой эле кыргыз жана орус тилдерин экинчи тил катары 1-9-класстарда окутууда окуучулардын саны 30 же андан ашык болсо, 10-11-класстарда 25 же андан ашык болсо;

— “Технология” боюнча, окутуу тилине карабастан, 5-9-класстарда — 30 же андан ашык окуучу болсо (окуучулардын тандоосу боюнча);

— мектеп-лицейлерде жана мектеп-гимназияларда класстарды тайпаларга бөлүп окутуу төмөндөгүдөй санда болгондо ишке ашырылат: II баскычтагы класстар — 30 же андан ашык окуучу, III баскычтагы класстар — 25 же андан ашык окуучу.

11-класстын өспүрүм-окуучулары «Аскерге чейинки даярдоо» предмети боюнча апрель-май айларында окуу-талааларына үч күн (18 саат) чыгышат, ал эми окуучу-кыздар үчүн

дарылоо мекемелеринде медициналык-санитардык даярдык боюнча практикалык сабактар (18 саат) өтүлөт.

Жалпы билим берүү программаларын өздөштүрүү күнүмдүк көзөмөл менен коштолот.

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоо алардын окуу программасынын мазмунун (күтүлүүчү натыйжаларды) өздөштүрүү деңгээлин текшерүү максатында жүргүзүлөт. Баалоо Кыргыз Республикасынын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик стандартында үч түрдө берилген: диагностикалык, калыптандыруучу (формативдик) жана жыйынтыктоочу (суммативдик). Диагностикалык баалоо окуучунун окуу процессинин башталышындагы деңгээлин аныктоо үчүн өткөрүлөт. Формативдик баалоо класста оозеки сурамжылоо, жазуу иши, тест жана байкоо аркылуу жүргүзүлөт.

Формативдик баалоодо үзгүлтүксүз кайтарым байланыш камсыздалат, окуучунун өзүн-өзү баалоосу калыптанат, баалоонун так критерийлери иштелип чыгат. Мугалим окуу процессин өз убагында түзөтө алат, мүмкүн болгон пробелдерди жана жетишпегендиктерди суммативдик баалоого чейин четтете алат. Суммативдик баалоо окуу программаларынын окуу блогунун аягында жана окуу аралыктарынын аягында балл жана баа коюу менен өткөрүлөт.

Жыйынтыктоочу баалоо мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы) ылайык өткөрүлөт жана учурда колдонулуп жаткан нормаларга жана иштелип чыккан баалоо критерийлерине жараша жазуу жүзүндө аткарылат.

Окутуунун бардык баскычтарында окуучулардын санариптик сабаттуулугун калыптандыруу жана дистанттык билим берүү технологияларын активдүү пайдалануу үчүн билим берүү сайттарда жайгаштырылган электрондук ресурстарды колдонуу сунушталат.

Мектептерде класстык жана класстан тышкаркы иш-чаралар аркылуу жүргүзүлүүчү тарбия иштери, Кыргыз Республикасынын Президентинин «Инсандын руханий-адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндө» Жарлыгына жана окуучу жаштарды руханий-адептик өнүгүү жана дене тарбия Концепциясынын негизинде жүргүзүлүшү керек.

Бул максат өз ара тутумдаш төмөнкүдөй милдеттерди аткаруу аркылуу жүзөгө ашат: улуттук жана жалпы адамзаттык маданиятка таандык руханий адептик түшүнүктөрдү калыптандыруу; адептик ишеним, ынанымдарды калыптандыруу; адептик сезимдерди өнүктүрүү, тарбиялоо; жүрүм-турумда жекече жана коомдук нарк-насилге төп келген көндүм адаттарды жана билгичтиктерди калыптандыруу.

Уюштуруу иш-чаралары:

2021-2022-окуу жылында бардык жалпы билим берүү уюмдары үчүн алардын менчик түрүнө карабастан, 5 күндүк окуу жумасы бекитилет.

Мектеп-гимназиялар менен мектеп-лицейлердин Базистик окуу планынан жогору гимназиялык жана лицейдик компоненттерди ишке ашыруусун эске алуу менен, аларга сабактардан кийин же алты күндүк жума менен (ишембиде) ишке ашырууга жол берилет.

Эскертүү:

Жалпы билим берүүчү уюмдар Базистик окуу планына кошумча айрым предметтерди, ошондой эле эне тилин окуучуларга тереңдетип үйрөтүү үчүн билим берүү кызматын, анын ичинде акы төлөнүүчү кошумча кызматтарды окуу жүктөмүнүн жумалык жогорку чегинен ашпай көрсөтүүгө укуктуу. Акы төлөө ата-энелердин, жергиликтүү бюджеттин эсебинен жүргүзүлүшү мүмкүн. Баалардын прейскуранты Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 20-сентябрындагы №563 “Кыргыз Республикасынын жалпы

билим берүүчү уюмдарын ченемдик каржылоо принцибине которуу жөнүндө" токтомуна ылайык Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан жыл сайын бекитилет.

Мугалимдин эмгек акысы каникул учурунда Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы №270 "Билим берүү уюмдарынын кызматкерлеринин эмгек акыларын эсептөөнүн тартиби жөнүндө" нускамасынын 5.1. бөлүмүнө ылайык сакталат.

Дем алыш күндөрү сыяктуу эле майрам күндөрү да жумуш убактысынын чыгым түрлөрүнүн шарттуу белгилерине ылайык "д" тамга коду менен белгиленет жана тиешелүү түрдө майрам күндөрүнө акы төлөнбөйт.

Жүгүртмө боюнча майрам күндөрүнө туш келип калып, өтүлбөй калган сааттар мектеп администрациясы тарабынан бекитилген кошумча жүгүртмө боюнча жакынкы күндөргө коюлуп, милдеттүү түрдө өтүлүүгө тийиш. Жүгүртмө боюнча майрам күндөрүнө туш келип өтүлбөй калып, кошумча жүгүртмө боюнча өтүлгөн сааттар ошол эле өтүлгөн айда төлөнүп берилет.

Кыргыз Республикасынын «Мугалимдердин статусу жөнүндө» мыйзамынын 4-бөлүмүнө ылайык «Музыка», «Көркөм өнөр» жана «Дене тарбия» сабактары мыйзамда аныкталган билимге жана тийиштүү педагогикалык квалификацияга ээ мугалимдер тарабынан окутулат.

Жалпы билим берүү уюмдарында, менчигинин тибине жана формасына карабастан, сабактар 2021-жылдын 1-сентябрында башталып, 2022-жылдын 25-майында аяктайт. Окуу жылынын созулушу, каникул мезгилдерин эсепке албаганда, төмөндөгүдөй болот: 1-класста — 33 жума, 2-4-класстарда — 34 жума, 5-11-класстарда экзамендик мезгилди эске алуу менен — 34 жумадан 36 жумага чейин.

Каникул мезгили, беш күндүк окуу жумасын эске алганда 24 календардык күн.

Каникул графиги:

Күзгү каникул — 7 күн: 2021-жылдын 1-ноябрынан 7-ноябрына чейин, сабак 2021-жылдын 8-ноябрынан башталат.

Кышкы каникул — 10 күн, 2021-жылдын 31-декабрынан 2022-жылдын 9-январына чейин, сабак — 2022-жылдын 10-январынан башталат.

Жазгы каникул — 7 күн, 2022-жылдын 21-мартынан 27-мартына чейин., сабак 2022-жылдын 28-мартында башталат.

1-класстардын окуучулары үчүн III чейректе кошумча апталык каникул күндөрү берилет. Сабактын узактыгы: 1-класстарда – 40 мүнөт, 2-11-класстарда — 45 мүнөт.

Кыргыз Республикасынын 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 201 токтому менен бекитилген, анын "Билим берүү процессинин режимине коюлуучу гигиеналык талаптар" аттуу 11-бөлүмүндөгү санитардык-эпидемиялык эрежелер жана нормалар тууралуу сунуштарга о.э. окуу-тарбиялык процесстерди уюштурууга ылайык:

- Окуу сабактары 8:00дөн эрте башталбайт.
- Эки мөөнөттө иштеген жалпы билим берүүчү мектептерде 1-, 5-, 9-, 11-класстарда жана компенсацияланып окутулган класстарда сабак биринчи сменада уюштурулушу керек.
- "Үй тапшырмалардын көлөмү (бардык предметтер боюнча) аларды аткарууга төмөндө белгиленген нормалардан (астрономиялык саат) жогору болбошу керек: 2-3-класстарда — 1,5 саат, 4-5-класстарда — 2 саат, 6-8-класстарда — 2,5 саат, 9 -11 класстарда — 3,5 саатка чейин».

Сабактардын жүгүртмөсү Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2016-жылдын 11-апрелиндеги №201 “Коомдук саламаттык сактоо жаатындагы актыларды бекитүү жөнүндө” токтомунун “Жалпы билим берүү уюмдарындагы окутуу шарттарына жана аны уюштурууга карата санитардык-эпидемиялык талаптарынын» № 6 тиркемесинин 164, 165, 166, 167, 168, 169 пункттарына ылайык түзүлөт.

Ар бир класстагы окуу жүктөмдүн жогорку чеги максималдуу мүмкүн болгон жүктөм деп эсептелет жана өзгөртүүгө жатпайт.

Окуу процесси жүрүп жаткан мезгилде окуучуларды айыл чарба иштерине тартууга тыюу салынат.

2021-2022-окуу жылы үчүн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан бекитилген Базистик окуу пландын негизинде мамлекеттик/муниципалдык жалпы билим берүүчү мектептер үчүн иштелип чыккан окуу планы тиешелүү шаардык/райондук билим берүү башкармалыгы/бөлүмдөрү менен макулдашылат.

Жалпы билим берүүчү мамлекеттик эмес уюмдардын, республикага баш ийген жалпы билим берүүчү уюмдардын жана кесиптик окуу жайлардын алдындагы жалпы билим берүүчү уюмдардын окуу пландары Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинде макулдашуудан өткөрүлөт.

Министр Б.Д.Купешев

Пояснительная записка

к Базисным учебным планам общеобразовательных организаций

Кыргызской Республики на 2021-2022 учебный год

Базисный учебный план на 2021-2022 учебный год является нормативным правовым документом, разработан в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об образовании», Указом Президента Кыргызской Республики «О духовно-нравственном развитии и физическом воспитании личности», постановлениями Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении Государственного образовательного стандарта школьного общего образования Кыргызской Республики» от 21 июля 2014 года № 403, «Об утверждении актов в области общественного здравоохранения» от 11 апреля 2016 года № 201 (приложение 6. Санитарно-эпидемиологические правила и нормативы «Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации обучения в общеобразовательных организациях») и другими нормативными правовыми документами, действующими на территории Кыргызской Республики в области образования.

*Настоящий Базисный учебный план является переходным к новому Базисному учебному плану на 2022-2025 учебные годы в соответствии с пересмотренным Государственным образовательным стандартом общего школьного образования Кыргызской Республики (2021 г.).*

Базисный учебный план фиксирует годовую, недельную, а также предельную учебную нагрузку обучающихся для каждой ступени образования, установленную Государственным образовательным стандартом, с учетом их физиологических и психологических возможностей, а также требований и видов деятельности, предъявляемых для усвоения учебного материала, и закрепляется по классам в следующих объемах.

| Классы | 1 | 2 | 3 | 4 | 5 | 6 | 7 | 8 | 9 | 10 | 11 |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Недельная учебная нагрузка | 20 | 22 | 24 | 25 | 29 | 30 | 30 | 30 | 30 | 29 | 30 |
| Предельная учебная нагрузка | 20 | 23 | 25 | 26 | 30 | 31 | 33 | 34 | 35 | 32 | 33 |

Базисный учебный план устанавливает перечень учебных предметов, обеспечивает реализацию школьного компонента в соответствии с интересами и потребностями обучающихся, обеспечивая условия для самовыражения и самоопределения обучающихся, формирования их ключевых и предметных компетентностей.

Базисный учебный план предусматривает использование основных общеобразовательных программ, учебно-методических комплексов, рекомендованных Министерством образования и науки Кыргызской Республики.

Государственный компонент образует базовую часть учебного плана и обеспечивает единое образовательное пространство на территории Кыргызской Республики, обязателен для всех типов и видов общеобразовательных организаций независимо от их ведомственной принадлежности и не подлежит изменению. Государственный компонент гарантирует получение учащимися базового уровня общеобразовательной подготовки по учебным предметам, приобщение их к национальным и общечеловеческим ценностям для становления и развития личности с активной жизненной позицией.

Сокращение нормативного срока освоения основных общеобразовательных программ начального общего, основного общего и среднего общего образования, а также передача часов, определенных для предметов государственного компонента, на изучение других предметов не допускается.

Школьный компонент учебного плана отражает особенности (направление) общеобразовательной организации и выражает согласованные интересы, потребности и возможности обучающихся и их родителей (законных представителей).

Школьный компонент разрабатывается самостоятельно общеобразовательными организациями и реализуется с согласия учащихся и их родителей (законных представителей). Школьный (гимназический/лицейский, вариативный) компонент Базисного учебного плана обеспечивает особые потребности и интересы в области образования конкретной общеобразовательной организации и реализует социальный заказ учащихся, их родителей (законных представителей) в углубленном изучении предметов государственного компонента, а также удовлетворении познавательных интересов и способностей учащихся в различных областях деятельности человека.

Компонент «Предметы по выбору для углубленного изучения» – это обязательные учебные предметы или элективные, профильные курсы, определяющие направления гимназий/лицеев, предоставляемые в обязательном порядке на выбор учащимся, которые устанавливаются общеобразовательной организацией самостоятельно.

Базисный учебный план I ступени (1–4 классы) рассчитан на 4-летний нормативный срок освоения основных общеобразовательных программ (предметов) начального общего образования.

Базисный учебный план II ступени (5–9 классы) рассчитан на 5-летний нормативный срок освоения общеобразовательных программ основного общего образования.

Базисный учебный план III ступени (10–11 классы) рассчитан на 2-летний нормативный срок освоения основных общеобразовательных программ среднего общего образования.

Для школ-гимназий и школ-лицеев за основу берется Базисный учебный план общеобразовательных школ с сохранением гимназического, лицейского компонентов и предметов по выбору. Школьный компонент в школах-лицеях (с 8 по 11 классы), школах-гимназиях (с 5 по 11 классы) реализуется и финансируется за счет ставок, предусмотренных для руководителей кружков. Согласно постановлению Правительства Кыргызской Республики от 28 июля 2018 года № 336 в сметах школ-лицеев (с 8 по 11 классы), школ-гимназий (с 5 по 11 классы) при наличии соответствующих условий и соблюдении санитарно-гигиенических требований выделяется на каждый класс-комплект для организации кружков, клубов, студий, объединений — по одной ставке руководителя кружка; для оплаты отдельных лекций, циклов, курсов на основе договора со специалистами высшей квалификации в лицейских классах — не более 0,5 ставки руководителя кружка.

Школы-лицеи реализуют лицейский компонент, начиная с 8 класса, школы-гимназии реализуют гимназический компонент — с 5 класса.

Предметы по выбору для углубленного изучения финансируются за счет средств

республиканского и местного бюджетов.

Оплата за реализацию государственного, школьного компонентов и предметов по выбору Базисного учебного плана в пределах недельной учебной нагрузки в общеобразовательных школах, гимназиях и лицеях производится за счет республиканского и местного бюджетов.

В соответствии со статьей 1 Закона Кыргызской Республики «Об образовании»:

- учебно-воспитательный комплекс/авторский, учебно-воспитательный комплекс/школа-комплекс — многопрофильное учебное заведение, объединяющее в себе

общеобразовательную школу с другими заинтересованными образовательными организациями и учреждениями (дошкольными образовательными организациями, высшими учебными заведениями, музыкальными, спортивными и другими организациями и учреждениями) для реализации инновационных/авторских программ обучения, всестороннего культурно-эстетического и физического воспитания учащихся;

- школа-гимназия — учебное заведение, реализующее общеобразовательные учебные программы начального общего и по гуманитарным профилям основного общего и среднего общего образования в соответствии со склонностями и способностями учащихся;
- школа-лицей — учебное заведение, реализующее общеобразовательные учебные программы начального общего и по естественно-научным и физико-математическим профилям основного общего и среднего общего образования в соответствии со склонностями и способностями учащихся.

Для повышения уровня психолого-педагогической готовности детей раннего возраста и их дальнейшей социальной адаптации к обучению в школах проводится предшкольная подготовка детей, не посещающих дошкольные организации, по 480-часовой программе «Наристе».

Предметы «Кыргызский язык», «Русский язык», «Узбекский язык» и «Таджикский язык» как родной изучаются с 1 по 11 классы. Количество часов учебной нагрузки, определенных на изучение «Кыргызского языка» и «Русского языка» как второго в школах с русским, узбекским и таджикским языками обучения, зависит от языка обучения в конкретной общеобразовательной организации.

Предметы “Кыргызская литература”, “Русская литература”, “Узбекская литература” и “Таджикская литература” как родные, а также “Кыргызская литература” и “Русская литература” как вторые в 5-11 классах изучаются по ранее утвержденным предметным стандартам, учебным программам и учебно-методическим комплексам.

Изучение иностранного языка осуществляется с 3 по 11 классы. В общеобразовательных школах с узбекским и таджикским языками обучения количество часов иностранного языка в 5-6 классах может быть увеличено за счет дополнительных услуг из средств родителей, спонсоров согласно прейскуранту цен, утвержденному приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики.

В предмете “История” в 5-11 классах курсы “История Кыргызстана” и “Мировая история” изучаются последовательно как единый предмет.

В 5-6 классах занятия по предмету “История” проводятся в соответствии с новым предметным стандартом, а в 7-11 классах по действующей учебной программе, по 2 часа в неделю. В журналах обозначается единым названием “История”. Учащиеся выпускных 9-х и 11-х классов сдают государственные экзамены только по предмету “История Кыргызстана”.

Изучение предмета «Человек и общество» в 5-6 классах осуществляется в соответствии с новым предметным стандартом, учебной программе и учебно-методическим комплексам. В 9-11 классах изучение осуществляется по ранее утвержденной программе.

Предмет «Родиноведение» изучается в 1-4 классах с учетом интеграции предметов «Основы безопасности жизнедеятельности» и «Этика».

В 5 классе предмет «Естествознание» изучается по 1 часу в неделю. Интегрированный курс «Естествознание» в 5 классе включает в себя материалы о явлениях окружающего мира и готовит школьников к изучению естественно-научных дисциплин в 6-11 классах общеобразовательных школ Кыргызской Республики.

На изучение предмета «Физика» в 7-9 классах выделено по 2 часа, в 10 классе по 3 часа в неделю.

В 11 классе предмет «Физика. Астрономия» изучаются как интегрированный в количестве 3 часа в неделю и в классных журналах обозначается единым названием “Физика. Астрономия”.

Предмет “Математика” изучается с 1 по 6 классы.

В 7-11-х классах предметы «Алгебра» и «Геометрия» изучаются отдельно как самостоятельные предметы с фиксированными часами.

Изучение предмета «Технология» в 8-9-х классах осуществляется по учебной программе предыдущих лет.

Предмет «Технология» в 7 классе изучается в 1-ом полугодии, а «Изобразительно-художественное творчество» — во 2-ом полугодии по одному часу в неделю.

Предмет “Информатика” изучается в школах с кыргызским и русским языками обучения в 5, 6, 7 и 9 классах по 1 часу в неделю, в 8 классе — 2 часа, а для школ с узбекским/таджикским языками обучения в 5-9 классах по 1 часу в неделю в соответствии с предметным стандартом, учебной программой и учебно-методическими комплексами. Предмет «Информатика» формирует основы цифровой грамотности, кибербезопасности, компьютерной гигиены, а также навыков программирования.

Предметы «Изобразительно-художественное творчество» и «Музыка» изучаются с 1 по 6 классы в соответствии с предметными стандартами, учебными программами и учебно-методическими комплексами.

Один час предмета «Изобразительно-художественное творчество» (ИХТ) из 7-х классов передан предмету «Биология» в 7-ом классе. Произошла синхронизация предмета по линейке во всех классах образовательных организаций независимо от типа школ, языка обучения и форм собственности.

В школах-гимназиях с русским языком обучения один час предмета “Человек и общество” передан в раздел “Предметы по выбору для углубленного изучения”.

В школах-лицеях с кыргызским языком обучения один час предмета «Адам жана Коом» передан на предмет «Физика». Таким образом, увеличено количество часов по естественно-научному направлению.

При проведении занятий по предметам: «Кыргызский язык», «Русский язык», «Иностранный язык», «Информатика», «Технология» — класс делится на 2 подгруппы:

— по «Информатике» в 5-9-х классах с численностью учащихся 25 и более;

— по «Иностранному языку», а также при изучении кыргызского и русского языков как второго при наполняемости в 1-9-х классах — 30 и более учащихся, в 10 – 11-х классах при наполняемости 25 и более учащихся;

— по «Технологии» независимо от языка обучения при наполняемости в 5-9 классах -30 и более учащихся (по выбору учащихся).

— в школах-лицеях и школах-гимназиях деление классов на подгруппы осуществляется при следующей наполняемости: классы II ступени — 30 и более учащихся, классы III ступени — 25 и более учащихся.

Для юношей-учащихся 11 классов проводятся учебно-полевые сборы в течение трех дней (18 часов) в апреле-мае за счет часов, отведенных на предмет «Допризывная подготовка»,

а для девушек-учениц – практические занятия по медико-санитарной подготовке (18 часов) в лечебных учреждениях.

Освоение общеобразовательных программ сопровождается текущим контролем.

Оценивание учебных достижений обучающихся проводится с целью проверки уровня освоения содержания учебной программы (ожидаемых результатов). Оценивание в Государственном образовательном стандарте школьного общего образования Кыргызской Республики представлено тремя видами: диагностическое, формативное и суммативное. Диагностическое оценивание проводится в начале процесса обучения для определения уровня обучаемого; формативное оценивание — в классе посредством устного опроса, письменных работ, тестов и наблюдений. При формативном оценивании обеспечивается непрерывная обратная связь, формируется самооценка учащихся, вырабатываются четкие критерии оценки. Учитель в процессе обучения своевременно корректирует учебный процесс, устраняет возможные пробелы и недочеты обучающихся до проведения суммативного оценивания, которое проводится в конце учебного блока/сквозных тем учебной программы и определенного периода с выставлением баллов и итоговых отметок.

Итоговое оценивание проводится в соответствии со школьным календарем (четверть, полугодие, учебный год) и выполняется в письменной форме в соответствии с действующими нормами и разработанными критериями.

Для формирования цифровой грамотности учащихся на всех ступенях обучения и активного использования дистанционных образовательных технологий в учебном процессе рекомендуется использовать электронные ресурсы, размещенные на образовательных сайтах.

Воспитательная работа в школах, осуществляемая через классные и внеклассные мероприятия, ведется согласно основным направлениям и целям духовно-нравственного развития учащихся, определенным в Указе Президента Кыргызской Республики «О духовно-нравственном развитии и физическом воспитании личности» и Концепции духовно-нравственного развития и физического воспитания учащейся молодежи.

Эти цели достигаются за счет выполнения следующих взаимосвязанных задач: формирование духовно-нравственных представлений (понятий) о национальной и общечеловеческой культуре; формирование нравственных убеждений; развитие и воспитание нравственных чувств; формирование индивидуальных поведенческих привычек и навыков, соответствующих социальным ценностям.

Организационные мероприятия:

В 2021-2022 учебном году устанавливается 5-дневная учебная неделя для всех общеобразовательных организаций независимо от форм собственности.

Учитывая, что школы-гимназии и школы-лицеи реализуют гимназический и лицейский компоненты сверх Базисного учебного плана, допускается их реализация после занятий или по шестидневной рабочей неделе (в субботу).

Примечание:

Образовательные организации вправе оказывать дополнительные образовательные услуги, в т. ч. и платные, учащимся в углубленном изучении отдельных предметов сверх Базисного учебного плана, а также родного языка, не превышая допустимую предельную недельную нагрузку. Оплата может производиться за счет родителей, местного бюджета. Прейскурант цен ежегодно утверждается приказом Министерства образования и науки Кыргызской Республики согласно постановлению Правительства КР от 20 сентября 2011

года № 563 «О переводе общеобразовательных организаций КР на нормативный принцип финансирования».

Заработная плата учителя в каникулярное время сохраняется согласно разделу 5.1. Инструкции «О порядке исчисления заработной платы работников образовательных организаций», утвержденной Постановлением Правительства КР от 31.05.2011 г. № 270.

Праздничные дни, как и выходные дни, согласно условным обозначениям видов затрат рабочего времени, отмечаются буквенным кодом «в» и, соответственно, праздничные дни, не оплачиваются.

Не проведенные часы, выпавшие по расписанию на праздничные дни, должны быть проведены в обязательном порядке в течение ближайших дней по дополнительному расписанию, утвержденному администрацией школы. Часы, выпавшие по расписанию на праздничные дни и проведенные по дополнительному расписанию, оплачиваются в том месяце, в котором они были проведены.

В соответствии со ст. 4 Закона Кыргызской Республики «О статусе учителя» предметы «Музыка», «Изобразительно-художественное творчество» и «Физическая культура» преподают учителя, имеющие необходимое образование и соответствующую педагогическую квалификацию, определяемые законом.

Учебные занятия в общеобразовательных организациях всех типов и форм собственности в 2021-2022 учебном году начинаются 1 сентября 2021 года и завершаются 25 мая 2022 года. Продолжительность учебного года без учета каникулярного времени составляет: в 1 классе — 33 недели, во 2-4 классах — 34 недели, в 5-11классах с учетом экзаменационного периода — от 34 до 36 недель.

Каникулярное время составляет 24 календарных дня с учетом пятидневной учебной недели.

График каникул:

Осенние — 7 дней: с 1 ноября по 7 ноября 2021 г., на занятия – 8 ноября.

Зимние — 10 дней: с 31 декабря 2021 г. по 9 января 2022 г., на занятия – 10 января.

Весенние — 7 дней: с 21 марта 2022 г. по 27 марта 2022 г., на занятия – 28 марта.

Для учащихся первых классов в III четверти устанавливаются дополнительные недельные каникулы. Продолжительность урока: в 1-х классах – 40 минут, во 2-11-х классах – 45 минут.

При организации учебно-воспитательного процесса в соответствии с рекомендациями санитарно-эпидемиологических правил и нормативов, утвержденных постановлением Правительства Кыргызской Республики от 11 апреля 2016 года № 201 в разделе 11 «Гигиенические требования к режиму образовательного процесса»:

- учебные занятия начинаются не ранее 8.00 часов;
- в общеобразовательных школах, обучающихся в две смены, учебный процесс в 1-х, 5-х, 9-х, 11-х классах и классах компенсирующего обучения должен быть организован в первую смену;
- «объем домашних заданий (по всем предметам) должен быть таким, чтобы затраты времени на его выполнение не превышали (в астрономических часах): во 2-3 классах — 1,5 часа, в 4-5 классах — 2 часа, в 6-8 классах — 2,5 часа, в 9-11 классах — до 3,5 часов».

Расписание занятий составляется в соответствии с п.п.164, 165, 166, 167, 168, 169 приложения № 6 «Санитарно-эпидемиологические требования к условиям и организации

обучения в общеобразовательных организациях» Постановления Правительства Кыргызской Республики «Об утверждении актов общественного здравоохранения» от 11 апреля 2016 года № 201.

Предельная учебная нагрузка в каждом классе является максимально допустимой нагрузкой и не подлежит изменению.

Привлечение учащихся на сельскохозяйственные работы во время учебного процесса запрещается.

Учебные планы государственных/муниципальных общеобразовательных школ, разработанные на основе Базисного учебного плана на 2021-2022 учебный год, утвержденного Министерством образования и науки Кыргызской Республики, проходят согласование в соответствующем городском/районном управлении/отделе образования.

Учебные планы негосударственных общеобразовательных организаций, общеобразовательных организаций республиканского подчинения и общеобразовательных организаций при профессиональных учебных организациях проходят согласование в Министерстве образования и науки Кыргызской Республики.

Министр Б. Д. Купешев